Жайлообаев Б.

Ж.Баласагын атындагы КУУ

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СЕМАНТИКАЛЫК СУБЪЕКТ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Субъект деген термин латындын **subjektum** деген сөзүнөн алынып, кыргызча *астыда, төмөндө жаткан, бир нерсеге кабылуу* деген маанини туюндурат. Аталган термин алгач антикалык логикада пайда болуп, атрибутивдик пикирдин (суждение) биринчи бөлүгү, т.а., предикат аркылуу (пикирдин экинчи бөлүгү) белгиленген кыймыл-аракетти аткаруучу, ар түрдүү касиет-белгинин ээси, аны алып жүрүүчү катары колдонулган. М: **Сократ – адам** деген пикирде Сократ - бул субъект, б.а., ойдун предмети, ал эми адам деген бөлүгү - предикат, субьекттин бир касиет-белгиси. Бүгүнкү күндө да аталган терминдер азыркы формалдык логикада баштапкы маанисинде, т.а., «логикалык субьект», «логикалык предикат» деп колдонулуп келатат. Кийин бул терминдер тил илиминдеги логикалык багыттын таасири менен сүйлөмдүн мазмундук табиятын, сүйлөмдө логикалык пикирдин туюндурулушун түшүндүрүүдө да колдонулган. Ошондой эле «субьект» термини соңку мезгилдерде философия, психология, укук, саясат тануу, экономика ж.б. илимдерде да колдонулат. Мисалы, таанып билүүнүн субьектиси, башкаруунун субьектиси, укук субьекти ж.б. Ал эми азыркы тил илиминде «субьект», «предикат» терминдери ой менен тилдин байланы-шын, карым-катышын белгилөөдө, сүйлөмдүн мазмунун (семантикасын) түшүндүрүүдө колдонулуп келет. Бул макалада аталган терминдин соңку мааниси боюнча сөз кылмакчыбыз.

XIX кылымдын ортосунда тил илиминдеги психологиялык багыт тарабынан «психологиялык субьект» термини пайда болот да, анын логика-грамматикалык субьекттен айырмачы-лыгы көрүнүктүү тилчи-окумуштуулар: Г.Штейнталь (1855), А.Марти (1897), Г.Пауль (1898), Ф.Ф.Фортунатов (1904), А.А.Шахматовдор (1915) тарабынан сунушталган.

XX кылымдын 60-жылдарынан тартып тил илиминдеги семантикалык багыттын өкүлдөрү: Т.Б.Алисова, Е.В.Падучева, В.Г.Гак, Ю.Д.Апресян, А.А.Холодович, И.А.Мельчук ж.б. окумуштуулар тарабынан «семантика-лык субьект» термини колдонула баштады. Көрүнүп тургандай, азыркы тил илиминде сүйлөмдүн семантика-структуралык табиятын түшүндүрүүдө «логикалык субьект», «грамматикалык субьект», «психологиялык субьект», «семантикалык субьект» деген терминдер колдонулууда. Макаланын максаты «семантикалык субьект» маселесин териштирүү болсо да, анын туура чечмелениши үчүн булардын ар бирине кыскача токтолуп кетүү абзел.

**Логикалык субъект,** жогоруда белгиленгендей, эки мүчөлүү пикирдин биринчи бөлүгү, предикат аркылуу мүнөздөлүүчү, ар кандай касиет-белгини алып жүрүүчү, ойдун предмети, чордону болуп саналат. Пикирдин предикаты субьекттин бир белгисин ырасташы, бекемдеши керек, же болбосо жокко чыгарышы керек. Пикирдин классикалык формуласы болуп S - P эсептелинет: S – пикирдин субьектиси, б.а., ойдун предмети, ал эми анын мазмунун ачып берүүчү бөлүгү P – предикат болуп саналат. Тилде алар төмөнкүдөй сүйлөмдөр аркылуу туюндурулат: Мисалы, Кыргызстан - тоолуу өлкө; Айлана караңгы; Күн кызарып батты ж.б. Логикалык субьект басымдуу учурларда атооч жөндөмөсү аркылуу берилет, бирок кээ бирде башка жөндөмөлөрдө да берилиши мүмкүн. Маселен, субьект илик жөндөмөдө: Искактын өз жакшыларынын көз алдында бедели түштү (Т.Касымбеков); барыш жөндөмөдө: Бул аптада да Асанга кыйын болду (“Агым”) берилет. Ошондой эле классикалык пикир эки гана бөлүктөн (S-P) тургандыктан, ээнин жана баяндоочтун тобунан турган жайылма сүйлөмдөрдө логикалык субьект ээнин тобу аркылуу берилсе, ал эми предикат баяндоочтун тобу менен туюндурулат. М.: Талаадагы сары, кызыл

гүлдөр (S) тээ айылга чейин созулуп өсүүдө (P).

**Грамматикалык субъект** сүйлөмдүн баш мүчөсү - грамматикалык ээ менен барабар, т.а., анын ордуна колдонулат. Ошондуктан бул түшүнүк кээ бир илимий эмгектерде логика-грамматикалык субьект деп аталып жүргөнү жөн жерден эмес. Европалык тилдерде сүйлөмдүн ээси субьект деп эле аталат. Ал эми орус тилиндеги подлежащее (сүйлөмдүн ээси) деген термин латын тилинен калька жолу менен кабыл алынган да, кийинчерээк логикалык категорияларды граммати-калык категориялардан айырмалоо максатында «подлежащее» жана «субьект» терминдери экөө тең колдонулуп келатат. Түркология, анын ичинде кыргыз тил илими орус тил илиминин таасиринде өнүккөндүгүнө байланыштуу, субьект жана грамма-тикалык ээ эки башка маанидеги түшүнүктөрдү атоо үчүн колдонулуп келаткандыгы белгилүү.

**Психологиялык субьект** кабарлоонун баштапкы борбору болгон элести, түшүнүктү туюндуруу кызматын аткарат да, сөз же сөз айкашы аркылуу берилет. Негизинен, сүйлөмдүн баш жагынан орун алып, басым түшпөгөн бөлүгү болот. Бул түшүнүк азыркы тил илиминде «тема», ал эми германистика-да «топик» деген ат менен белгилүү. Психологиялык субьект кээ бирде логика-грамматикалык субьект менен дал келип калышы мүмкүн. М: Чарчаган жумушчулар\эс алууга жөнөштү. Айрым учурларда дал келбей да калат. М: Спорт сарайында\концерт башталды. Мындай айтымдын биринчи бөлүгү (спорт сарайында) психологиялык субьект (кабарлоонун баштапкы, белгилүү бөлүгү, б.а., тема) болсо, калган бөлүгү (концерт башталды) чогуусу менен психологиялык предикаттын (кабарлоо-нун негизги, жаңы бөлүгү, б.а., рема) функциясын аткарат.

**Семантикалык субъект** сүйлөмдө чагылдырылып, белгиленип жаткан окуя, кырдаалдын негизги катышуучусу, андагы кыймыл-аракетти аткаруучу, ар кандай касиет-белгини алып жүрүүчү болуп саналат. Мындай табияты боюнча семантикалык субьект логика-грамматикалык субьектке абдан жакын. Кээ бир изилдөөлөрдө булар бирдей эле түшүнүктөр катары каралып жүрөт. Чындыгында, семантикалык синтаксис логиканын таасиринде өнүп чыккандыгы белгилүү. Ошондой болсо да, аталган түшүнүктөрдүн айырмасы бар. Атрибутивдик логикада пикир карама-каршы эки элементтен (субьект-предикат) туруп, алардын бири аныкталгыч, экинчиси аныктооч катары келет. Ёйдёдө белгиленгендей, пикир-дин классикалык формуласы S - P болуп саналат. S – пикирдин субьектиси, P – предикат. Классикалык, атрибутивдик пикирде субьект менен предикат-тең укуктуу, бири-бирин шарттаган, бири-бирине көз каранды, зарыл, өзөк элементтер.

Мезгилдин өтүшү менен логика илиминде да өзгөрүүлөр болуп, реляциялык логика (латынча **reliasio** -байланыш) биринчи планга чыга баштайт. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эле, анткени тил менен ойдун байланышын, ой-пикирдин сүйлөмдө туюндурулушун бир гана классикалык пикир аркылуу чечмелөө мүмкүн болбой калган. Реляциялык пикирде предикат жеке бир субьекттин касиет-белгиси гана болбостон, бир нече зат, нерселердин, б.а., окуя, кырдаалдын катышуучуларынын ортосундагы мамиле, байланышты белгилейт. Реляциялык пикирдин формуласы - P(x,y). Бул жерде P – бир орундуу же көп орундуу предикат, ал эми кашаанын ичиндегилер (x,y) өз ара байланыш, катыш маанидеги предметтер, зат, нерселер (аргументтер) болуп саналат. Көрүнүп тургандай, реляциялык пикирде предикат (P) башкаларга үстөмдүк кылуучу өзөк элемент катары жогорудагы формуланын башында жайгашкан. Мындай багыттагы изилдөөлөр Б.Рассел, А.Черч, Г.Фреге сыяктуу логик, философтор тарабынан жүргүзүлүп, тил илимине да өз таасирин тийгизип, сүйлөмдүн семантикасын чечмелөөдө колдонула баштайт. Бул иликтөөлөр «пропозиция», «пропо-зициялык мамиле, байланыш» (лат. proposition - пикир, сүйлөм) түшүнүктөр менен байланыштуу. Кийинчерээк бул түшүнүктөр тил илимине кирип, семантикалык изилдөөлөрдө пропозиция сүйлөмдүн семантикасы, б.а., сүйлөмдө чагылдырылып жаткан окуя, кырдаал-дын семантикалык модели катары түшүндүрүлөт. Пропозициянын табияты боюнча оюбузду ушул жерден кыскартууга туура келет, анткени бул түшүнүк логика-

семантикалык изилдөө-лөрдө ар түрдүү багытта чечмеленип келаткандыктан, өзүнчө бир изилдөөнү талап кылат. Кыскартып айтканда, бир шарттуу пропозицияны предикат уюштурат, мындай болушунун себеби, сүйлөмдө туюндурулуп жаткан информациянын негизги жүгү, анын маанилик жактан аякталышын предикат камсыз кылгандыктан, бир шарттуу пропозицияны (окуя) уюштуруучу, анын негизги өзөк элементи болуп саналат. Пропозиция эки бөлүккө бөлүнөт: 1) предикат (окуя) жана 2) аргумент (катышуучулар). Аргументтер (катышу-чулар) өз ара экиге бөлүнөт: агенс -аракет кылуучу (субьект) жана пациенс - кыймыл-аракетке кабылуучу (обьект). Демек, семантикалык субьекттин сүйлөм мазмунундагы негизги кызматы -предикат аркылуу белгиленген ар кандай касиет-белгини алып жүрүү, көрсөтүү жана кыймыл-аракетти аткаруу. Окумуштуулар ушул табияты, кызматы боюнча семантикалык субьектти түрлөргө бөлүштүрүшөт. Маселен, В.В.Богданов субьекттин үч түрүн бөлүп көрсөтөт:1) агентив - кыймыл-аракеттин жандуу аткаруучусу. М.: **<u>Каныбек</u>** эски ырын ырдады; 2) эксперенсив -кандайдыр бир физиологиялык, психика-лык абалда турган жандуу аргумент. М.: **<u>Султанмурат</u>** абдан уялып кетти; 3) элементив – кыймыл-аракеттин жансыз аткаруучусу. М: Бийик аскадан **<u>таш</u>** кулады (4. 52-53).

Биздин оюбузча, семантикалык субьекттин толук системасын, түррлөрүн, маселесин чечмелөөдө карачай-балкар тилиндеги семантикалык субьекттин түрлөрүн белгилеген И.Х.Ахматовдун төмөнкүдөй пикирин эске албай коюуга болбойт: 1) субьекттин лексика-семантикалык жактан туюндурулушу; 2) предикаттын семантикалык спецификасы (өзгө-чөлүгү); 3) предикат менен субьекттин ортосундагы маанилик байланыштын мүнөзү (1. 89-88). Ушул факторлорду эске алып, карачай-балкар тилиндеги субьекттин 18 түрүн бөлүп көрсөтөт. И.Х.Ахматовдун субьектти системалуу классификациялоосу түркологияда гана эмес, жалпы эле тил илиминде өзгөчө орунда турат. Бул окумуштуунун аталган маселе боюнча уникалдуу изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын кыргыз тилиндеги семантикалык субъекттин системасын териштирүүдө да колдонсо болот. 1. Кыргыз тилиндеги субьект морфологиялык жактан төмөнкүдөй сөз түркүмдөрү аркылуу туюндурулат: а) зат атоочтон: **<u>Жолой</u>** бул түнү уктаган жок; б) ат атоочтон: **<u>Ал</u>** үйүнө шашып келди; в) сан атоочтон: **<u>Беш</u>** экиден көп; г)кыймыл-атоочтон: **<u>Мекенди коргоо</u>** - ыйык милдет; д) атоочтуктан: **<u>Жоо аяган</u>** жаралуу.

2. Сүйлөмдүн семантикалык түзүлүшүндө аткарган кызматы боюнча, субьект жалпы жонунан экиге бөлүнөт: а) касиет-белгини алып жүрүүчү: Биздин **<u>айыл</u>** райондогу чоң айыл; б) кыймыл-аракетти аткаруучу: **<u>Марат</u>** үйүнө шашып келди.

Бул кызматтарын деталдаштырып караганда, субьекттин төмөнкүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот: 1) ал-абалдын субьектиси: **<u>Ал</u>** мындай сөздү укканда абдан чочуп кетти; 2) кымыл-аракеттин субъектиси: Чоочун **<u>киши</u>** эртең менен Бишкекке жөнөдү; 3) кабылдоонун субьектиси: **<u>Асан</u>** сүйлөшкөн кызын күн сайын көрөт; 4) сүйлөшүүнүн, пикирлешүүнүн субьек-тиси: **<u>Дүйшөн</u>** балдарга Ленин жөнүндө айтып берди; 5) болуунун, барлыктын субьектиси: Суунун ары жагында чоң **<u>үй</u>** бар; Биздин өлкөдө 80 ашык **<u>улуттун өкүлдөрү</u>** жашайт; 6) жоктуктун субьектиси. Ал жерде азыр **<u>айыл</u>** жок; 7) ал-абалдын субьектиси: **<u>Эдигей</u>** Сабитжандын сөзүнө көңүлү чөктү; 8) таандыктын субьектиси: Бул китеп сеники; 9) локалдык субъекти: **Эр жигит** эл четинде**,** жоо бетинде.

Ошондой эле субьекттин лекси-калык маанисине карата жандуу жана жансыз субьект деп бөлүштүрүүгө болот. М.: 1) **<u>Сыймык</u>** бул жолу комуз менен ырдады; 2) Катуу суукка чыдабай **<u>кулпу</u>** сынып кетиптир. Ал эми морфологиялык формасы боюнча атооч жөндөмөдөгү жана кыйыр жөндөмөдөгү субьект деп экиге бөлүп кароого болот. М.: 1) **<u>Машина</u>** жолдун четине токтоду; 2) **<u>Сага</u>** көп күлгөнгө болбойт.

Жыйынтыктап айтканда, семан-тикалык субьект сүйлөмдүн семанти-калык түзүлүшүндө

белгиленип жаткан окуя-кырдаалдын негизги катышуучусу, андагы кыймыл-аракетти аткаруучу кызматын аткарат. Ал логика-семантикалык түшүнүк болгондуктан, сүйлөмдүн семантикалык түзүлүшүндө ар кандай сөз формасы, каражаттар менен берилиши мүмкүн, бирок биздин байкообуз боюнча, кыргыз тилинде  субьект, негизинен, атооч жөндөмөдөгү зат атооч, ат атооч жана заттык мааанидеги сөздөр аркылуу туюн-дурулат. Субьекттин түрлөргө бөлүнүшү анын лексика-семантикалык жактан туюндурулушуна, предикаттын семан-тикалык спецификасына (өзгөчөлүгүнө) байланыштуу болот.

**АДАБИЯТТАР**:

1. Ахматов И.Х. Структурно-семантические модели простого предложения в современном карачаево-балкарском языке.- Нальчик, 1983.
2. Арутюнова Н.Д. Предложение и его смысл. - М., 1976
3. Адуразаков М. Семантические типы субьектов. - Ташкент, 1980
4. Богданов В.В. Семантико-синтаксическая организация  пред-ложения. - Л.: Изд-во ЛГУ, 1977.